КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

2013-жылдын 20-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** "Курал жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 11, 448-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

8-статьянын 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) чогулуштарды өткөрүүдө жарандардын курал алып жүрүүсүнө, алкоголдук, баңгилик же токсикомандык мас абалында курал алып жүрүүсүнө, билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо уюмдарынын, алкоголдук продукцияны сатуучу коомдук тамактануу уюмдарынын аймактарында, ошондой эле мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жайгашкан имараттарда курал алып жүрүүсүнө;".

**2-берене.** Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., № 2, 77-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоо киргизилсин:

**1.** 377-статьяда:

1-бөлүгүнүн экинчи абзацында "экиден беш" деген сөздөр "ондон жыйырма" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүнүн экинчи абзацында "бирден эки" деген сөздөр "экиден беш" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** 378-статьяда:

1-бөлүгүнүн экинчи абзацында "бир" деген сөз "экиден беш" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүнүн экинчи абзацында "бирден эки" деген сөздөр "бештен он" деген сөздөргө алмаштырылсын;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений и дополнения в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

20 июня 2013 года

**Статья 1.** Внести в Закон Кыргызской Республики «Об оружии» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., № 11, ст. 448) следующее изменение:

пункт 5 статьи 8 изложить в следующей редакции:

«5) ношение гражданами оружия при проведении собраний, ношение оружия в состоянии алкогольного, наркотического или токсикоманического опьянения, ношение оружия на территории образовательных организаций и организаций здравоохранения, организаций общественного питания, реализующих алкогольную продукцию, а также в зданиях, в которых расположены государственные органы и органы местного самоуправления;».

**Статья 2.** Внести в Кодекс Кыргызской Республики об административной ответственности (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., № 2, ст. 77) следующие изменения и дополнение:

**1.** В статье 377:

в абзаце втором части 1 слова «от двух до пяти» заменить словами «от десяти до двадцати»;

в абзаце втором части 2 слова «от одного до двух» заменить словами «от двух до пяти».

3-бөлүгүнүн экинчи абзацында "экиден беш" деген сөздөр "бештен он" деген сөздөргө алмаштырылсын;

4-бөлүгүнүн экинчи абзацында "үчтөн алты" деген сөздөр "ондон жыйырма" деген сөздөргө алмаштырылсын;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 5 жана 6-бөлүктөр менен толукталсын:

"Алкоголдук, бангилик же токсикомандык мас абалында адам ок атуучу курал алып жүрсө,-

эсептешүү көрсөткүчүнүн бештен он өлчөмүнө чейин административдик айып салууга алып келет.

Ушул статьянын бешинчи бөлүгүндө каралган ошол эле аракеттер административдик жаза-чарасы колдонулгандан кийин жыл ичинде кайталанып жасалса, ага тете кызмат адамы тарабынан жасалса,-

эки жылга чейинки мөөнөткө же аныcы жок ок атуучу курал сатып алуу, сактоо жана алып жүрүү укугунан ажыратуу менен эсептешүү көрсөткүчүнүн ондон жыйырма өлчөмүнө чейин административдик айып салууга келет.

Эскертүү: Алкоголдук, баңги каражаттары, психотроптук же болбосо башка акылдан ажыратуучу заттарга мас болуу абалын белгилөө үчүн күбөлөндүрүүгө жиберүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.".

**3.** 379-статьянын экинчи абзацында "бир" деген сөз "экиден беш" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** 380-статьянын экинчи абзацында "эки" деген сөз "экиден беш" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5.** 381-статьянын экинчи абзацында "үчтөн беш" деген сөздөр "ондон жыйырма" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6.** 382-статьяда:

1-бөлүгүнүн экинчи абзацында "бирден эки" деген сөздөр "бештен он" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүнүн экинчи абзацында "экиден беш" деген сөздөр "ондон жыйырма" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 30-июлу
№ 171

2

**2.** В статье 378:

в абзаце втором части 1 слова «до одного расчетного показателя» заменить словами «от двух до пяти расчетных показателей»;

в абзаце втором части 2 слова «от одного до двух» заменить словами «от пяти до десяти»;

в абзаце втором части 3 слова «от двух до пяти» заменить словами «от пяти до десяти»;

в абзаце втором части 4 слова «от трех до шести» заменить словами «от десяти до двадцати»;

статью дополнить частями 5 и 6 следующего содержания:

«Ношение огнестрельного оружия лицом, находящимся в состоянии алкогольного, наркотического или токсикоманического опьянения, -

влечет наложение административного штрафа от пяти до десяти расчетных показателей.

То же действие, предусмотренное частью пятой настоящей статьи, совершенное повторно в течение года после применения мер административного взыскания, а равно совершенное должностным лицом, -

влечет наложение административного штрафа от десяти до двадцати расчетных показателей с лишением права на приобретение, хранение, хранение и ношение огнестрельного оружия на срок до двух лет или без такового.

Примечание. Порядок направления на освидетельствование для установления состояния опьянения алкоголем, наркотическими средствами, психотропными либо другими одурманивающими веществами определяется Правительством Кыргызской Республики.».

**3.** В абзаце втором статьи 379 слова «до одного расчетного показателя» заменить словами «от двух до пяти расчетных показателей».

**4.** В абзаце втором статьи 380 слова «до двух» заменить словами «от двух до пяти».

**5.** В абзаце втором статьи 381 слова «от трех до пяти» заменить словами «от десяти до двадцати».

**6.** В статье 382:

в абзаце втором части 1 слова «от одного до двух» заменить словами «от пяти до десяти»;

в абзаце втором части 2 слова «от двух до пяти» заменить словами «от десяти до двадцати».

**Статья 3.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
30 июля 2013 года
№ 171